**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 13.23.673 диссертациялык кеңештин эксперти Чыманов Жеңишбек Арыповичтин 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Даакыбаева Айнура Билимовнанын "Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери" деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУ

**Эксперт Чыманов Жеңишбек Арыпович, п.и.д., профессор,** изденүүчү Даакыбаева Айнура Билимовнанын "Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери" деген темадагы диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**.

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация, диссертациялык кеңештин профилине туура келет.
Иште адистигинин паспортуна 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине толугу менен жооп берүүчү кыргыз тилин экинчи жана чет тили катары окутуунун методикасы изилденген.

2. **Иштин максаты катары** кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда медик-студенттердин диалогдук кебинин калыптанышын өркүндөтүүнүн лингвистикалык жана дидактикалык негиздерин аныктоо эсептелет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Диалогдук кепти натыйжалуу окутуп, үйрөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо;
2. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда медик-студенттердин диалогдук кебин өркүндөтүүгө өбөлгө болуучу окутуунун формаларын, каражаттарын жана ык-жолдорун иштеп чыгуу;
3. Кеп ишмердүүлүгүнүн оозеки түрлөрү боюнча кыргыз тилдүү эмес студенттерди окутуунун деңгээлин эске алуу менен кептин кырдаалды, дифференцияланган проблемалык-конструктивдүү диалог ыкмасы менен окутуунун моделдерин иштеп чыгуу жана эксперименталдык түрдө сыноо;
4. Алынган натыйжаларды, жыйынтыктарды эксперименттик сыноолордон өткөрүү, практикага сунуш кылуу;

Аныкталган максаттын өтөөсүнө чыгууга коюлган милдеттер толук

кызмат кылат. Милдеттердин аткарылышы максаттын толук ишке ашуусун камсыз кыла алат.

**Диссертациянын изилдөө объектиси** (кыргыз тилин ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуу процесси) диссертациясынын максаты менен милдеттерине ылайык (шайкеш) келет.

Изилдөөдө колдонулган методдор (теориялык, практикалык, эксперименттик ж.б.) ишке коюлган максат-милдеттерди ишке ашырууга ылайык тандалган жана алардын натыйжалары диссертацияда пайдаланылган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминде жана кыргыз тилин окутуунун практикасындагы эң көйгөйлүү маселелердин бири кыргыз тилин экинчи тил катары ЖОЖдордо окутуунун заманбап технологияларын иштеп чыгуу, практикага сунуш кылуу экендигин турмуш, окутуу, үйрөтүү иштери тастыктап турат. Пикир айтылып жаткан бул диссертациялык иш ЖОЖдордун медик-студенттерине кыргызча диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздерин аныктоого арналгандыгы менен актуалдуу.

Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүүдө изденүүчү орус, кыргыз жана бир катар түрк тилдүү (казак, татар, азербайджан ж.б.) элдерде жарык көргөн илимий-теориялык, методикалык эмгектерди ыктуу пайдаланган. Натыйжада, иштин илимий-методикалык аппараты алгылыктуу негизделген.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу темага арналган, өз убагында иштелген жана ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окуткан окутуучуларга, кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө арналган, толук бүткөн, практикалык мааниге ээ эмгек экенин кароого болот.

**3. Илимий натыйжалар.**

Иште кыргыз тилин экинчи тил катары ЖОЖдордо окутуунун методикасы илиминин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

1.1. Кыргыз тилиндеги диалогдук кепти окутуунун жалпы теориялык маселелери тилди окутууга коюлуп жаткан соңку суроо-талаптарга толук жооп бергендей деңгээлде иштелип чыккан. Диалогдук кепти окутуунун лингводидактикалык негиздеринин азыркы талаптарга ылайык иштелип чыгышы – иштин илимий-методикалык жаңылыгы болуп саналат.

1.2. Илимий изилдөөдөн алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү педагогикалык эксперименттик иш-аракеттердин жүрүшү жана алардан алынган жыйынтыктар аркылуу тастыкталган.

1.3. Изилдөө ишинин теориялык мааниси диалогдук кепти теориялык мааниси окутуунун теориялык маселелерин лингвистика, психология жана педагогика илимдеринин жыйынтыктарына таянуу менен өз алдынча иштеп чыккандыгы жана диалогдук кепти окутуунун лингводидактикалык негиздерин соңку талаптарга шайкеш иштеп чыккандыгы менен түшүндүрүлөт.

1.4. Адистиктин квалификациялык белгилерине туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:

1. Даакыбаева, А.Б. Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруу маселелери [Текст] / А.Б. Даакыбаева. – Бишкек, 2009 -КРСУ. -108-111-бб.
2. Даакыбаева, А.Б. Пути обучения диалогу [Текст] / А.Б. Даакыбаева. Респ. ЖОЖдор аралык илимий-метод. конф. материалдары. КРСУ, 2011. -104-108-бб.
3. Даакыбаева, А.Б. Основные типы упражнений по формированию диалогической речи [Текст] / А.Б. Даакыбаева. Профессор С. Ибрагимовдун 70 жылдык маарекесине арналган илимий-практ. конф. – КРСУ, 2012. - 110-116-бб.
4. Даакыбаева, А.Б. Тематическая беседа как форма диалогического общения [Текст] / А.Б. Даакыбаева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. - Бишкек, 2018. с. 75-81.
5. Даакыбаева, А.Б. Тематическая беседа как форма диалогического общения [Текст] / А.Б. Даакыбаева // Бюллетень науки и практики. Нижневартовск, Россия. - 2020. -Т.6. - №4. - С.570-575.
6. Даакыбаева, А.Б. Диалогдук кепти калыптандыруу маселелери [Текст]/ А.Б.Даакыбаева // Вестник КРСУ. -Т.20. - №10. -2020. - 87-90-бб.
7. Даакыбаева, А.Б. Пути обучения диалогу [Текст] / А.Б. Даакыбаева // Бюллетень науки и практики. Нижневартовск, Россия. - 2021. - Т.7. - №3. – С.307-311.
8. Даакыбаева, А.Б. Диалогдук кепти изилдөө тарыхы [Текст] / А.Б. Даакыбаева // Вестник КРСУ. - Т.21. - №10. - 2021. - 92-98-бб.
9. Даакыбаева, А.Б. Диалогдук кепти калыптандыруу боюнча көнүгүүлөрдүн негизги типтери [Текст] / А.Б. Даакыбаева // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Спец. Вып. Бишкек, 2022. – 92-102-бб.
10. Даакыбаева, А.Б. Медик-студенттерге кыргыз тилин чет тили катары окутуунун методикалык системасынын өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.Б. Даакыбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2022. - №7. - 290-295-бб.
11. Даакыбаева А.Б. Русско-кыргызский разговорник для медиков: учеб. пособие [Текст] / Аманалиева Г.Э., Даакыбаева А.Б. – Бишкек: КРСУ, 2006. – 91 с.
12. Даакыбаева А.Б., Аманалиева Г.Э. Медициналык факультетинин студенттери үчүн адистик боюнча тексттердин жыйнагы [Текст] / Аманалиева Г.Э., Даакыбаева А.Б. Бишкек: КРСУ, 2010. – 108 с.
13. Аманалиева Г.Э., Даакыбаева А.Б. Изучаем кыргызский язык. Учебник для высших учебных заведений начинающих групп [Текст] / Аманалиева Г.Э., Даакыбаева А.Б // Бишкек: КРСУ, 2015, 2015. – 234 с.
14. Аманалиева Г.Э., Даакыбаева А.Б. Изучаем кыргызский язык. Учебник

для студентов медицинского факультета высших учебных заведений начинающих групп 1-2 уровень [Текст] / Аманалиева Г.Э., Даакыбаева А.Б // Бишкек, КРСУ, 2021. – 334 с.

Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:

1. Окуу китебин иштеп чыгууда;
2. Типтүү жана жумушчу программаларды түзүүдө;
3. Кыргыз тили сабактарынын план-конспектисин түзүп, сабак өтүүдө;
4. УАКтын талабына ылайык илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
5. Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
6. Педагогикалык эксперименттерде текшерилген;

Диссертациянын материалдары, корутундулары жана практикалык сунуштары кыргыз тилин ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуунун бир катар теориялык жана практикалык маселелерин чечүүгө керектүү маалыматтарды бере алат. Айрыкча, медик-студенттердин кыргыз тилиндеги диалогдук кебин калыптандырууга карата алгылыктуу жана натыйжалуу окутуунун формаларын, каражаттарын жана ык-жолдорун өркүндөтүүгө карата берген практикалык сунуштары өзгөчө маанилүү.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертциянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Диссертациялык иш салттуу структуралык түзүлүштө, т.а., үч главага (иште - бап) бөлүштүрүлүп аткарылган. Анда логикалык ырааттуулук, негизинен, сакталган. Бирок мындай иштерге коюлуп жаткан экинчи главасы соңку талаптар боюнча иштин экинчи главасы “илимий изилдөөнүн материалдары менен методдоруна” арналышы зарыл. Ошондуктан иштин экинчи главасы үчүнчү главага, ошол эле аталышта, ошол эле түзүлүштө, которулушу, ал эми үчүнчү главада педагогикалык эксперименттик иш-аракеттер жөнүндөгү материалдар экинчи главанын үчүнчү параграфы катары келиши керек. Ошондо иштин экинчи главасы “...илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору” деп аталып, 1-параграф “изилдөөнүн материалдары”, 2-параграф “изилдөөнүн методдору” деген аталышта толукталып иштелиши зарыл.
2. Иштин “Киришүү” бөлүмүндөгү коргоого коюлуучу негизги жоболор жалпылаштырылып берилип калган. Аларды конкреттештирүү зарылдай.
3. Колдонулган адабияттардын тизмесин толуктоо керек. Айрым эмгектер, (мисалы К. Биялиев менен С. Рысбаевдин эмгектери) иштин өзүндө пайдаланылып, бирок тизмеге кирбей калган.
4. Жалпы корутундудан кийин изденүүчүнүн жеке практикалык сунуштарды кыскартуу керек.
5. Иштеги орфографиялык, тыныш белгилери жана стилдик мүчүлүштүктөрү оңдолушу зарыл.

***Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.***

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин доктору, доцент М.М.Сыдыкбаеваны сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. Эки баскычтуу билим берүүнүн шартында мамлекеттик тилди окутуу теориясында жана методикасында инновациялап окутуу принциптери. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы, 2017, май.,-304-306-бб.
2. Языковая компетенция как совокупность знаний и способностей // LXIII Международной научно-практической конференции №4 (61) «Личность, семья и общество: вопросы педагогики и психологии» (Россия, г. Новосибирск,Сибак, 11 апреля 2016 г.- 65-72-бб., Секция: Педагогика высшей профессиональной школы).
3. Совершенствование языковых знаний студентов на основе информационной и культурологической компетентности в условиях двухступенчатого образования // Проблемы педагогики № 4 (15), Научно-методический журнал г.Москва, 2016.-28-31-бб.
4. Кесипке даярдоодо кесиптик лексиканын ролу /Современные проблемы социально-гуманитарных наук, Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (4) Казань, 34-36-бб.
5. Интерактивные методы формирования языковой компетентности / М. М. Сыдыкбаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии: сб. ст. по материалам XLIX Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии». – № 4(49). Часть 1. – М., Изд. «Интернаука», 2016. – 158-166- бб.
6. Тилдеги коммуникативдүү компетенция - инсандын эркин, кеңири, ийгиликтүү пикир алышуу жөндөмдүүлүгү. Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (5) Казань, 24-27-бб.
7. Разбор поучительных выражений как средство закрепления компетентности // Известия Российского государственного педагогического универститета им. А.И. Герцена. 2016.№ 179. стр145-151.
8. Дидактические основы обучения кыргызскому языку пакистанских студентов при сопоставлении с языком урду. / Наука и инновационные технологии, (научный и информационный журнал), 2020, №2, (15).
9. Современный этап развития методики преподавания языка. / № 4(9)

Июнь-июль 2020 серия «педагогические науки» журнал основан в 2018 г. international scientific journal «global science and innovations 2020: central asia» nur-sultan, kazakhstan, june-july 2020

10. Proverbs with figurative meaning serve educational purposes for young generation. /intf, RNATTONAL CONFERENCE ON PO'IIE& (N) eqlality NN D CULTURES OI RESISTANCE: an INTERDISCIPLINARY appitoaciirsto HL\tanititrsandsocialscinnces аша 29th January 2021

11. Формирования языковых компетенций студентов при обучении кыргызскому языку как второму в высших учебных заведениях в Кыргызстане, «Бюллетень науки и практики» №3 (март), 2023 г.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин кандидаты, Г.И.Сагынбаеваны сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. «Кыргыз тилин окутууда накыл сөздөрдүн мааниси», Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал №2 (10) 2017, Казань 41-43-бб.
2. «Кыргыз тилин эне тили катары окутууда келечек муунду сөздү баалоого тарбиялоо». Современные проблемы социально-гуманитарных наук. Научно-теоретический журнал №2 (10) 2017, Казань, 41-43-бб.
3. «Учурда жаштарды атуулдукка, ыймандуулукка, мекенчилдикке тарбиялоодогу айрым маселелер". БГУ жарчысы, №3 (45) - 2018, 308-бет.
4. Студенттерге, алардын өз алдынча иштөөсү боюнча айрым методикалык сунуштар, Арабаев атындагы КМУнун Кыргыз тили жана адабияты журналы, №10, -Б., 2018 22-бет.
5. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргыз тилин окутуунун методикасы (башталгыч орус мектептеринин мугалимдери үчүн окуу-методикалык колдонмо) , -Б., 2019
6. "Мектепке чейинки балдардын кебин өстүрүүнүн айрым жолдору", IX Эл аралык илимий практикалык конференция, Казакстан г. Нур - Султан, 2020.
7. Мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги кызматкерлердин бири-бири менен өз ара тыгыз байланышта кызматташуусу, "Эл агартуу" илимий педагогикалык жана методикалык журнал, №7-8, - Б., 2020.
8. Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги тарбиячылардын кесипкөй ишмердүүлүгүндөгү чыгармачылык, педагогика илимдеринин доктору Сатканбай Момуналиевдин 70 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференция, 2021 (электрондук вариантта чыккан).
9. Кыргыз Республикасындагы үч тилдүүлүктү өнүктүрүү маселелери, БМУ жарчысы, №2(64), -Б., 2023.

А.Б. Даакыбаеванын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери” аталыштагы иши кыргыз тилин ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуунун методикасы боюнча актуалдуу темага арналган, өз алдынча иштелген, логикалык жактан толук бүткөн, илимий-теориялык жана практикалык-колдонмолук мааниге ээ болгон, мындай иштерге коюлган талаптарга жооп берген эмгек катары бааланат.

Дисссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы КМУнун, Ж.Баласагын атындагы КУУнун алдындагы Д 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Даакыбаева Айнура Билимовнанын “Кыргыз тилинин практикалык сабактарында медик-студенттердин диалогдук кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери” деген темадагы диссертациялык ишин кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт: п.и.д., профессор** **Ж.А. Чыманов**

*Профессор Ж.А. Чымановдун кол тамгасын тастыктайм*

*К.Б. башчысы* *Н.Т. Курамаева*

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673
25.12.2023 г

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ